| КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ОШ ОБЛУСУ<br>КАРА-КУЛЖА РАЙОНУ<br>ЫЛАЙ-ТАЛАА<br>АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ | | КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ОШСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>КАРА-КУЛЖИНСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>ЫЛАЙ-ТАЛИНСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА |
|---|---|---|

Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кеңешинин (VII чакырылыштагы) кезектеги I сессиясынын жыйынынын

**Т О К Т О М У**

2024-жылдын 28 - марты, № 1/2 Ылай-Талаа айылы.

**Алыскы жана жакынкы жайыттарды пайдалануу боюнча бирдиктүү тарифтерди бекитүү жана жер саясаты боюнча айыл өкмөтүнүн 2024-жылга милдеттери жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндөгү" Мыйзамынын 3-главасынын 34-беренесинин 2 –пунктунун негизинде ошондой эле «Жайыттар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесине ылайык Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кенешинин депутаттарынын уюштуруу сессиясында жайыт жерлерин натыйжалуу жана сарамжалдуу башкаруу жана пайдаланууну камсыз кылуу максатында жана Ылай-Талаа айыл аймагындагы өткөрүлгөн элдик жыйынын протоколдорунда көрсөтүлгөн 2024-жылга жайыт пайдалануучулардын мал-жандыктар үчүн жайыт пайдалануу тарифтерин бекитүү жөнүндө токтомун угуп жана талкуулап Ылай-Талаа айыл аймагынын айылдык Кенеши **токтом кылат:**

1. Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн төмөнкү сунуштагандары бекитилсин:
 - 2024-жылга жайыт пайдалануу үчүн акы төлөнүн өлчөмдөрү:

**Ийри мүйүздүү 1 баш үчүн - 100 сом,**
**Кой-эчкилер 1 баш үчүн - 20 сом,**
**Жылкылар 1 баш үчүн - 100 сом.**

Сырттан келген мал-жандыктар үчүн:
**Ийри мүйүздүү 1 баш үчүн - 200 сом,**
**Кой-эчкилер 1 баш үчүн - 40 сом,**
**Жылкылар 1 баш үчүн - 200 сом**

2. Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнө пайдалануу үчүн жайыт участокторунан жер салыгын жыйноо жана келип түшкөн каражаттарды жайыт пайдалануучулар бирикмесинин бюджетине багыттоо милдети жүктөлсүн.

3. Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн жайыт жердин аянтты **20 775 га** пайдаланган жер аянтка жер салыгы **1 га** үчүн **5,30** сомдон коэффициенттен инфляция **1,034** сомдон бекитилсин.

4. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ылай-Талаа айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Б.Эргешбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **А.Кадыркулов**